**Дүйнөлүк Банк тарабынан каржыланып жаткан “Келечек үчүн билим берүү” долбоорунун алкагында республиканын 1200 жалпы билим берүү мектептерине жана 8 педагогикалык колледждерине компьютердик каражаттарды жана эмеректерди берүү үчүн иш-аракеттерди аткаруу боюнча**

ҮЧ ТАРАПТУУ ТИПТҮҮ КЕЛИШИМ

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, министрдин орун басары аркылуу (“Келечек үчүн билим берүү” долбоорунун Улуттук координатору),

Джусубекова И. С.

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

бир тараптан, жергиликтүү бийлик органынын жетекчиси (айыл өкмөтү, шаарлардын мэриялары)

Жалал-Абад облусунун Аксы районуна караштуу Жаңы-Жол айыл аймагынын башчысы

(уюмдун/мекеменин/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышы)

Алимбеков Торокул Бердикулович

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

экинчи тараптан, жана ошондой эле, райондук/шаардык билим берүү бөлүмү/башкармалыгынын башчысынын атынан

Кыргыз облусундагы М. Бариев атындагы № 13 „Кыргыз” жалпы орто билим берүүчү мектебинин директору Шерматов Урмат Ташмаматович

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

ушул Келишимди түздүк:

## 1. Келишимдин предмети

Айылдык аймактын/мэриянын территориясындагы жалпы билим берүү мектептеринде жана педагогикалык колледждеринде электрондук китепканаларды ачуу жана аларды андан ары колдонуу үчүн шарттарды жаратуу келишимдин предмети болуп эсептелет.

## 2. Тараптардын милдеттенмелери

**2.1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги төмөндөгүдөй милдеттенмелерди алат:**

- керектүү компьютердик каражаттар, оргтехника жана эмеректер бериле турган 1200 жалпы билим берүү мектептеринин жана 8 педагогикалык колледждердин тизмесин бекитүүгө;
- компьютердик каражаттар, оргтехника жана эмеректерди жалпы билим берүү мектептерине жана педагогикалык колледждерине жеткирүүгө;
- берилген компьютердик техникалардын кепилденген тейлөөсүнө (персоналдык компьютерлерге, мониторлорго, үзгүлтүксүз электр энергиясы менен камсыздоо жабдыктарына (UPS) – 36 ай, проекторлорго – 12 ай, көп функционалдуу жабдыктарга (МФУ) – 12 ай) көмөк көрсөтүүгө;
- жалпы билим берүү мектептердин интернетке кошулуусун камсыздоого.

**2.2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы (айыл өкмөттөрү, шаарлардын мэриялары), төмөндөгүдөй милдеттенмелерди алат:**

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругуна ылайык компьютердик жабдыктарды ала турган жалпы билим берүү мектептеринде жана педагогикалык колледждеринде ички компьютердик тармакты туташтыруу иштерин уюштурууга;

- Тармактык чубалгыларды орнотууда коопсуздук чараларынын талаптары жана оронотула турган жерлердеги тармактык инфраструктура эске алынуусу керек. Коммутаторлор, чубалгылардын узундугун эске алуу орнотулушу зарыл. Чубалгылардын учтарында туруктуу сигналдын болушу текшерилет;
- Аткарылган жумуштарды текшерүү жана аткарылган жумуштардын тапшыруу-кабыл алуу актысына кол коюу. Жетишпестиктер (дефектилер) болсо, аларды ондоп-түзөө талабы менен Подрядчыга өз учурунда кайрылууга;
- 5е категориясындагы UTP чубалгысы (ар бир мектептин шартына ылайыктуу узундуктагы) жана 50 даанадан кем эмес RG45 коннекторлору менен камсыздоо.

**2.3. Жалпы билим берүү мектеби төмөндөгүдөй милдеттенмелерди алат:**

- Жумуштарды аткаруу үчүн керек болгон шарттарды түзүүгө;
- Аткарыла турган жумуштардын сапатына жана өз мөөнөтүнө жасалышына көзөмөл жүргүзүүгө;
- Пландалган жумуш бүткөндүгү жөнүндөгү билдирүү келген күндөн тартып 10 күндүн ичинде кабыл алууну уюштурууга;
- Бекитилген нормалардан четтөө же башка жетишпестиктер орун алган учурларда токтоосуз жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына билдирүүгө.

## 3. Өзгөчө шарттар

3.1. Бул келишим мамлекеттик же расмий тилде үч нускада түзүлүп, ар бир нускасы бирдей юридикалык күчкө ээ.

3.2. Келишим кол коюлган учурдан тарта ишке кирип, 1 жылдык мөөнөттө иштейт. Келишимге өзгөртүүлөр Тараптардын кат жүзүндөгү макулдашуусунан кийин гана киргизилет.

3.3. Тараптардын ортосунда келип чыккан суроолор мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте чечилет.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары, "Келечек" үчүн билим берүү" долбоорунун Улуттук координатору:**

______________________________

(колу), М.О.

/_____________________________

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы (айыл өкмөтү, шаарлардын мэрлери):**

______________________________

(колу), М.О.

_____________________/________

**Жалпы билим берүү мектебинин директору:**

______________________________

(колу), М.О.

/_____________________________